БЕРДИКОЖО БИЙНАЗАРОВ

# БОБОК СЕНИН ЖОМОГУҢ

*Кенже балдар үчүн*



Бишкек – 2014

БЕРДИКОЖО БИЙНАЗАРОВ

# БӨБӨК СЕНИН ЖОМОГУҢ

*Кенже балдар үчүн*

Бишкек – 2014

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗААЛЫ
Инв. №

УДК 821.51-93
ББК 83.8
Б 59

**Бийназаров Б.**
Б 59 Бөбөк сенен жомогуң. Б.: «Бийиктик плюс», 2014. 48 б.

ISBN 978-9967-33-000-9

Бул жомок китеп үч жаштан жогорку бөбөктөргө жана кенже класстын окуучуларына арналды.

Айткандай бул жомок китепте жаныбарлардын жашоосу менен турмушта кезиге турган маанилүү учур кенен чагылдырылды. Бул китеп, бөбөктөрдүн кызыгуусун артыруу менен бирге тарбиялык мааниге ээ. Балдардын патриоттук сезимин ойготуп, жаратылышка болгон сүйүүсүн жана ошону менен бирге эмгекке болгон кызыгуусун арттырат.

УДК 821.51-93
ББК 83.8

Б 4803300100-14
ISBN 978-9967-33-000-9

© Бийназаров Б. 2014

# КАРЫШКЫР, ТҮЛКҮ ЖАНА КОРОЗ

Илгери-илгери өткөн бир заманда Ычтырман токойдун ичинде карышкыр менен түлкү жашаган экен. Экөө абдан катуу дос болуп, дайыма бирге тамак таап жеп, ынтымакта жашап турушуптур.

Бир күнү түлкү токойдун четинде жашаган абышка менен кемпирдин короосуна кирип корозун уурдап келип, карышкыр досуна айтат:

– Карышкыр досум, бүгүнкү кечки тамакка мен короз алып келдим, экөөбүз тоюбуз, – дейт.


Курсагы ачка болгон карышкыр бул сөздү укканда абдан сүйүнөт да, кечтин киришин күтөт. Кеч киргенде экөө корозду жегени баштыктан алып чыккан-да, короз экөөнү көрүп алгач коркуп кетет да, кайраттанып алдамакка минтип айтат:

– Карышкыр, түлкү экөөңөр мени жегениңер менен баары бир тойбойсуңар, андан көрө биреөңөр оозуңарды ачкыла, мен өзүм чуркап келип оозуңарга

кирип кетем, чайнап жегенден көрө мени бүкүлү жесеңер көпкө чейин курсагыңар ачпайт – дейт. Бул сөздү укканда карышкыр ойлонуп көрүп, бул сунушка макул болот. Анткени короз айткандай аны жеген менен тойбосун билет. Түлкү каршы чыгат:

– Жок, короз, биз сени тең бөлүп жешибиз керек. Тойбой калсак кайра барып абышка менен кемпирдин тоокторунан бир-экини алып келе калам анын эмнеси бар – деп оюн айтканда, короз кайра сөз алып алдай баштайт:

– Анда сен тооктторго бара бер, мен карышкыр оозун ачса кирип кетейин, сен тоок жейсиң, мени карышкыр жесин, – дейт. Бул сунушка карышкыр



макул болуп корозду баштыктан чыгарып бош коёт, короз бошонору менен учуп бакка чыга качат. Алданганын билген карышкыр менен түлкү бакты таң атканга чейин кайтарышат. Короз болсо бактын башында түнү бою уктап, уйкусу канганда, таңдын атканын билгизип кыйкырат. Таңга жуук көздөрү илинип уктап кеткен карышкыр менен түлкү короздун кыйкырыгынан ойгонуп кетишет да:

– Эй, короз, эмне кыйкырасың, болду кыйкырба, бизди мергенчилер билип калышат – деп жалдырап суранышат. Короз ан сайын үнүн катуу чыгарып кыйкыра берет. Абышка жоголгон корозунан үнүн угуп, мергенчилерге айтат. Мергенчилер мылтыктары менен короз кыйкырган жакка жакын келип, бактын түбүндө отурган карышкыр менен түлкүнү көрүп, акырын келип экөөнү тең атышат. Ок тийген экөө жарадар болуп, эптеп качып кутулуп кетишет. Ошондон кийин түлкү менен карышкыр абышка менен кемпирдин короосуна ууруга келбей калышкан экен.

# ЖЕЗ КЕМПИР МЕНЕН АКЫЛДУУ КЫЗ

Илгери-илгери жезкемпир токойдун ичине үй салат да, үйүнүн алдына короздун эки бутун бектип коёт. Салган үйүн каалаган кезде башка жакка жылдырып турат. Бирок үйү дайыма чачылып, жыйналбайт. Жез кемпир жалкоо болгон үчүн үйүн жыйнагандан эринип, уктап жатып күн өткөрөт.

Бир күнү акылдуу кыз козу карын терип жүрүп токойдон адашып кетип, жез кемпирдин үйүнө келип калат. Жезкемпир кызды көргөндө абдан катуу сүйүнүп кетет да, кызды кармап алып колу менен бутун таңып коюп, уктап калат. Эртең менен туруп кызга айтат:

– Сен менин үйүмдү жыйнайсың да, мен уктап турганга чейин тамак жасап коёсуң, токойдон өзүң терип келген козу карын менен – дейт. Кыз макул болуп козу карындан тамак жасап, жез кемпирдин үйүн жыйнап коюп, эшигинин алдында ыйлап олтурса чычкан келип сурайт:



– Эй, кыз, эмне ыйлап олтурасың, сага эмне болду? – дейт. Кыз токойдон адашып калганын айтып, үйүнө кантип кетүүнү сурайт. Чычкан минтип айтат:

– Сен эми жез кемпирден кутула албайсың. Ал шыпыргысы менен асманга учуп чыгып, сени баары бир таап алат. Андан көрө сен жез кемпирдин айтканын аткарып, үйүндө жүрө бергин, болбосо сени ал катуу жазалайт.

Аңгыча жез кемпир ойгонуп кетип, кызды чакырып калат. Кыз чуркап жетип келгенде, жез кемпир:

– Кана, сен эмне тамак жасадың?– дейт. Кыз жасаган тамагын алдына алып келгенде, жез кемпир даамдуу жасалган тамакка курсагын тойгузуп,

үйүнүн жыйналганын көрүп кызга ыраазы болуп:

– Эми сен менин кызым болосуң. Сен абдан иштемчил, тамак жасаганды билген жакшы кыз экенсиң деп, кызды үйүнө камап коюп, шыпыргысына минип алып каякадыр учуп кетет. Кыз жез кемпирден кантип кутулуунун амалын ойлой баштайт. Кеч киргенде жез кемпир шыпыргысына минип алып кайра учуп келип:

– Эй, кыз, мага жанагы жасаган тамагыңдан куюп бергин дагы, менин көйнөгүмдү таң атканга чейин жууп, кайра кургатып кой – деп буйрук берет. Кыз макул болуп, тамак куюп берет. Жез кемпир тамакка тойгондон кийин кайра уктап калат. Мунун себеби кыз тамакка уйкунун дарысын кошуп койгон болот. Кыз, жез кемпир уктагандан кийин чычканга айтат:

– Чычкан, сен мага жол көрсөтчү. Мен жез кемпирдин шыпыргысын катып салам. Анан ал бизди таба албай калат – дейт. Чычкан бул сунушка макул болуп, жол көрсөтүп бермей болот. Кыз тез-тез кыймылдап, жез кемпир-

дин көйнөгү менен шыпыргысын токойдун чытырман жерине катып салат да, түн ичинде качып чыгат. Кызга токойдун ичинен чычкан жол көрсөтүп жүрүп олтуруп, эртеси күнү кечинде гана кыздын үйүн таап келишет. Кыз үйүнө келип терезеден караса, апасы ыйлап олтурган болот:

– Кызым, сен кайдасың, мен сени токойдон издеп таппай койдум – деп. Кыз апасынын ыйлап олтурганын көрүп эшикти ачып чуркап кирип келет да, апасын барып кучактап калат. Апасы кызын көрүп сүйүнүп кетет. Экөө бир топко чейин кучакташып, сагынычтары тарабай турушат. Бир кезде кыз курсагы ачканын айтат. Апасы кызына тамак берет. Кыз өзүнүн да, чычкандын курсагын тойгузуп, чычканга кичине кылып үй салып берет. Чычкан ошондон кийин кыз менен дос болуп, кыздын үйүндө жашап калыптыр. Ал эми жезкемпир шыпыргысы менен көйнөгүн таппай үйүнөн алыс кете албай калган экен. Бирок кыздын жасаган тамагынын даамдуулугун эсинен чыгара албай таңдайынан тамактын даамы

кетпей калып, азыр дагы кызды издеп жүргөн кези экен “кызды таап кыз кылып алам” – деп. Апасынын тилин алган кыздын акылдуулугуна, иштемчилдикине жезкемпир дагы абдан кызыгып калыптыр.

## АЮУ МЕНЕН КАРЫШКЫР

Илгери-илгери тоонун башында аюу менен карышкыр жашаган экен. Экөө тең күчтүү анан жырткыч болушуптур.

Бир күнү абышка менен кемпирдин жалгыз уулу атына минип алып тоого барып калат да, карышкыр менен аюуну көрүп, араң качып кутулат, минген аты күлүк болгон үчүн, экөөнө жеткирбей кетет. Аюу менен карышкыр балага жетпей калат да, кайра артка кетип бара жатышып жолдон түлкүгө жолугуп калышат. Түлкү экөөнү көргөндө, жойпуланып алдай баштайт:

– Аюу, сен күчтүү анан кыйын экениңди баары билишет. Минтип бош жүрбөй билегиңдеги күчтү пайдалан-

байсыңбы? – дегенде, Аюу үнүн күрүлдөтүп:

– Мен эмне кылышым керек? – деп сурайт. Түлкү ушул суроону күтүп турганын билгизип, шашкалактап:

– Тоонун этегиндеги сазда байдын бир семиз жылкысы тыгылып жатат, барып чыгарып туруп жесең, канча күнгө сага тамак болот – дегенде, бул сөздү уккан аюу шашкан бойдон тоонун ылдый жагындагы сазды көздөй жөнөйт.

Эми түлкү карышкырга кайрылат:

– Карышкыр, сендей көк жал кантип ачка жүрсүн, сен мындай кылгын – дейт. Карышкыр көзүн алайтып:

– Мен эмне кылышым керек? – деп суроолуу караганда, түлкү куйругун эки жакка буйтактатып:



– Карышкыр, бул коктунун нары жагында байдын эки тайы оттоп жүрөт, баргын дагы экөөнүн бирөөнү көтөрүп чаап, казысын жарып, курсагыңды бир тойгуз -дейт. Карышкыр макул болуп коктуну көздөй жөнөйт. Түлкү экөөнү алдап, алардан кутулганына сүйүнүп, жолун улап ал жерден карaанын үзүп токойду көздөй жөнөйт.

Ал эми аюу ылдый сазга барганда сазга тыгылып жаткан жылкыны таппай абдан убара болот да, түлкүгө алданганын билип, ачууланып кайра тоону көздөй кетейин деп жатканда абышка менен кемпирдин баласы үйүнөн мылтык алып келип калат да, аюуну мылтык менен атат. Ок тийген аюу жарадар болуп эптеп тоонун башына чыгып келсе, карышкыр дагы жарадар болуп келет. Анткени аны байдын жылкычылары жарадар кылган болот. Ошентип ач көздөнгөн аюу менен карышкыр, түлкүгө алдангандарына өкүнүп, түлкүнү издеп таап сазайын бербей болушат. Бирок бул кезде түлкү тоону таштап, токойдун чытырман жерине кирип кеткен болот. Ошондон кийин аюу менен карышкыр, түлкүгө өч болуп калышкан экен.

## КУМУРСКА МЕНЕН ИЙНЕЛИК

Болгон жаныбарлардын иштемчили жана күчтүүсү кумурска болот. Анткени ал жайды – жайлата кыштын камын көрүп эмгектенет. Андан дагы өзүнөн эки эсе чоң нерселерди көтөрүп кете алат.


Бир күнү кумурска адаттагыдай эле жүк көтөрүп келе жатса, алдынан ийнелик чыгып калат да, кумурскага кайрылат:

– Кумурска, эмне мынча жаныңды кыйнап иштейсиң, андан көрө мендей болуп убактыңды эс алып өткөрбөйсүңбү дегенде кумурска:

– Ийнелик, менин иштеп, эмгектенгеним кышка кам көргөнүм. Андан көрө сен дагы кышка даярдан, кышында сен эмне жейсиң? – десе, ийнелик кесир сүйлөп:

– Мен кышында ийниме кирип кетем дагы, жазга чейин уктайм, мага кышында тамактын кереги жок деп айтканда кумурска:

– Ийнелик, мага тоскоол болбо, кыш келгенде көрөбүз, сага тамактын кере-



ги жок болгонун, менин жолумду тоспо ишим калды деп, өзүнөн чоң чөптүн тамырын сүйрөп жолуна түшөт. Ийнелик күлүп:

– Кумурска, ийрелеңдеп иш кылбай мени менен ойносоң болмок, жанымда эч ким жок эринип жаттым эле, мейли мен эми өзүмө башка дос издейин деп, кумурсканы узата карап калат. Кумурска, ийнеликтин айткан кебине кулак салбай иши менен алек болуп, ал жерден кетип калат.

Убакыт учкан куштай өтүп, тез эле айлана ак карга жамынып кыш келет. Кумурска жылуу үйүндө жайында жыйнаган тамагын жеп, жыргап жашап

жатканда эшиги тыкылдайт. Эшигин ачса баягы ийнелик үшүп, курсагы ачып келген болот. Кумурска эшикти ачканда эле Ийнелик жалдырап:

– Кумурска, үйүң жылуу экен, кичине жылынып алайынчы, эшик катуу суук болуп абдан үшүп жатам – дейт. Кумурска макул болуп ийнеликти үйүнө киргизет. Кичине жылынгандан кийин ийнелик:

– Кумурска, мага тамак берчи, абдан курсагым ачты! – деп суранат. Кумурска бул сөздү укканда:

– Ийнелик билесиңби, баягыда мен, сага кышка даярдан дегенимде сен, мага "тамактын кереги жок, мен кыштата уктап эле чыгам" деп болбой койгонуңду? Ийнелик жер карап, уялып:

– Эми жай келгенде мен, сендей болуп иштеп, кышка даярданам – дейт. Кумурска бул айткан сөзүнө ишенип, кыштата ийнеликти үйүнө жаткызып, тамак берип багып чыгат да, жай келгенде ийнеликке айтат:


– Мына биз күткөн жай келди, эми иштеп кышка даярдан десе, жалкоо Ийнелик дагы иштегенден качып, жайла-

та бош жүрөт. Кайра кыш келгенде ийнелик катуу сууктан үшүп, алты айласы кеткенде кайра кумурсканын үйүнө келет, жардам сурап. Кумурска бул жолу эшигин ачып:

– Сен эмне быйыл дагы менин тапкан – ташыганым менен кыштан чыккың келип жатабы, мага сендей жалкоо жаныбардын керети жок деп, үйүнө киргизбей коёт. Жалкоолуктун айынан Ийнелик кайда бараарын билбей кышында суука тоңуп калат да, иштемчил кумурска кыштан аман эсен чыгып, көп жыл өмүр сүргөн экен.

## ЖЫЛКЫ МЕНЕН ЭШЕК

Илгери – илгери жылкы менен эшек кыйышпас дос болушкан экен. Экөө дайыма чөптүн бүрүн тандап жеп, тоонун башында жашап жүрүшкөн болушат. Бир күнү эшек менен ат алыс жолго чыгып, ээрчишип келе жатышса алдынан түлкү чыгып салам берет да анан минтип айтат:



– Экөөңөр тиги дөңдү айланып өткүлө, болбосо ал жакта карышкырлар үйүрү менен уктап жатышат, ойготпой акырын өтүп кеткиле, болбосо аларга жем болосуңар – дейт. Жылкы менен эшек түлкүгө ыраазычылык билгизип, дөңдү айланып өтүп бара жатканда эшек адатынча айкырып жиберет. Жылкы, эшектин бул кылыгына абдан катуу нааразы болот. Аңгыча эшектин кыйкырыгынан карышкырлар ойгонуп кетип, артынан кууп жөнөшөт. Жылкы карышкырларга жеткирбей качып кетет, ал эми эшек жакын жердеги сазга кире качат. Бирок эшек тыгылган сазга карышкырлар жакын келе алышпай таң атканга чейин күтүп турушат. Сазга



КАРА-КӨЛ ШААРДЫ
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУ ЗАЛЫ
Инв. № б/н

тыгылган эшек таң атканда дагы катуу айкырат. Эшектин айкырыгын уккан мергенчилер келип калып, карышкырларды атып, качканы качып кетет. Ошондон кийин карышкырлар эшекке абдан өч болуп калышкан экен. Мергенчилер эшекти саздан чыгарышып, ага жүктөрүн артып коёшат. Бир ажалдан кутулган эшектин ошол бойдон үстүнөн жүк түшпөй калган экен. Эгер мергенчилер болбогондо саздан чыга албай эшек өлүп калаарын эстеп, жүк көтөргөнүнө ыраазы болуп, адамдарга кызмат кылып калганы айтылат. Ал эми жылкы калган карышкырларга туш болуп, алар кол салаарда корккорунан катуу кишенеп жиберет. Жылкынын үнүн уккан мергенчилер дагы аны карышкырлардын кол салуусунан бошотуп, аны кармап алышып, узак жолдо минип алышат. Ошетип жылкы менен эшек тоо башында ээн жүрбөй адамдарга кызмат кылып калышкан экен.

# КАРА САНАТАЙ МЕНЕН АК САНАТАЙ

Илгери эки дос бала болгон экен. Экөөнүн бирөө кара санатай болуптур дагы бирөө ак санатай болуптур. Экөө бир күнү алыс жолго чыгышат да, жолдон курсактары ачып, баспай калышат. Ошондо кара санатай, ак санатайга минтип айтат:

– Ак санатай, кел экөөбүз сенин минген атыңды союп этин жейли, анан сенин атыңдын эти түгөнгөдө менин атымды союп жейбиз – дейт. Аксанатай бул сунушка макул болуп, атынан түшүп берет. Атты союп жеп, кайра жолго чыгышат. Бир ай дегенде аттын эти түгөнүп калат. Карасанатай эми өзүнүн атын сойгусу келбей, кайра ак санатайга айтат:

– Ак санатай, менин атымды сойсок экөөбүз жөө калабыз, андан көрө кел сенин көздөрүңдү эле жеп алалы. Сен көзүңдү чыгарып бер – дейт. Ак санатай буга да макул болуп көздөрүн бермекке макул болот. Карасанатай анын эки көзүн тең өзү чукуп алат. Эки көзү

көрбөй калган ак санатайды, карасанатай ошол жерге таштап салып кетип калат. Көзү көрбөй калган ак санатай эптеп жакын жердеги бир үңкүрдүн ичине кирип, жатып алат. Караңгы кирип, түн ортосу болгон кезде үңкүрдүн оозуна карышкыр, жолборс, арстан үчөө келип сырдашып калышат. Алгач болуп карышкыр:

– Ушул үңкүрдүн алды жагында кичинекей булак бар, ал булакка көзү көрбөй калган сокурлар, көзүн жууса көзү айыгып калат – дейт. Жолборс:

– Ошол булактын оң тарабындагы чоң таштын түбүндө аттын башындай алтын катылган, аны эч ким билбейт – дейт. Арстан:



– Хандын кызы ооруп жатат, хан кызын ким айыктырса ошого кызын бергени жатат. Бирок хандын кызын эч ким айыктыра албайт. Аны бир гана мен билем – дегенде, карышкыр кантип – дейт? Арстан:

– Тоонун башында өскөн алтын тамырды алып барып берсе, хандын кызы дароо айыгат – деп, билгенин айтат. Булардын айткан сөздөрүн ак санатай тыңшап жаткан болот. Бир кезде үчөө коштошуп, эми бир айдан кийин ушул жерден жолугушмак болуп кетип калышат. Таң атканда ак санатай карышкыр айткан булакка барып көзүн жууса көзү айыгып, көрүп калат. Анан алтынды таап алып, аны башка жерге катып коёт да, тоонун башына барып алтын тамырды алып келип хандын кызын оорудан айыктырып, хандын кызына үйлөнүп, баягы катып койгон алтынды иштетип, байып кетет. Ак санатайдын байып кеткенин уккан карасанатай келип, кечирим сурап, кантип байып кеткенин билүүгө суроо берет:

– Ак санатай, сен кантип хандын кызына үйлөнүп, кантип көзүң көрүп,

кантип байып кеттиң? – дейт. Ак санатай башынан өткөн окуяларды айтып берип:

– Сага ыракмат, карасанатай, эгер сен менин көзүмдү чукуп албаган болсоң, мен мындай бакытка, байлыкка туш болбойт элем – дейт. Карасанатай бул сөздөрдү укканда дароо баягы ак санатай жаткан үңкүргө жетип келип, жашынып калат. Түн ортосу болгондо жолборс, арстан, карышкыр үчөө келип дагы маек курушат. Алгач карышкыр минтип айтат:

– Баягыда мен айткан булакка бирөө көзүн жууган окшойт, булактын четинде издер калыптыр – дейт. Жолборс дагы кейип:

– Мен айткан алтынды бирөө уурдап кетиптир, бирөө угуп калган окшойт – деп, экөөнү карайт. Арстан жер карап:

– Хандын кызына алтын тамырды берип бирөө айыктырып, ага үйлөнүп алыптыр. Чын эле үчөөбүздүн сөзүбүздү тыңшаган бирөө бар окшойт? – дегенде, карышкыр:

– Келгиле анда үңкүрдүн ичин текшерип көрөбүз. Чын эле бирөө бизди

аңдып жатпасын деп, үңкүр таштын ичине кирип карашып, кара санатайды таап алышат да, үчөө жара тартып жеп салышат. Карасанатай ошентип өзүнүн ач көздүгүнөн анан өзүмчүлдүгүнөн ажал тапкан экен. Ал эми ак санатай хандын кызы менен жыргап – куунап жашап калыптыр.

## АЛДАНГАН КАРЫШКЫР

Илгери – илгери бир улак тоодо энеси менен оттоп жүрүп, чоң таштын коңулуна жаткан бойдон уктап калат. Ойгонсо кеч кирип калган болот. Таң атканга чейин ал жерден жылбай жатат да, эртеси түшкө маал суу ичкени булакка келет. Булакка келип суу ичип жатса, карышкыр келип:

– Улак, мен, сени жейм, анткени сен, мен ичкен булакты булгап жатасың – дейт. Улак таң калып:

– Карышкыр, мен, сенин ылдый жагыңдан ичип жатпаймынбы, сен булгаган суудан. Суу өйдө эмес, ылдыйды көздөй агып жатпайбы, – десе карыш-



кыр болбойт. Анда улак аман калуунун амалы кылып:

– Карышкыр сен баары бир мени жегениң менен тойбойсуң, тиги коктуда бир торпок оттоп жүрөт, аны жегин, мен кайда качмак элем – дейт. Карышкыр макул болуп, торпокко келет да:

– Торпок мен, сени жейм, курсагым ачты. Торпок дагы аман калуунун амалы кылып:

– Карышкыр, мен арыкмын анан кичинекеймин, андан көрө тигинде байдын семиз кочкору оттоп жүрөт, ошону барып жебейсиңби – деп, кочкор оттоп жүргөн жакты көргөзөт. Карышкыр макул болуп кочкорго келет. Карышкырдан качып кутула албасын билген

кочкор дагы аман калып, карышкыр-дын колунан бошонуп кетүү үчүн:

– Карышкыр, мени жесең же, бирок мен сага бир гана күндүк тамак болом, андан көрө тиги жерде байдын семиз жылкысы алышка түшүп өйдөлөнүп жатат, ошону жебейсиңби– дейт. Ач көз карышкыр буга да макул болуп, жыгылып жаткан жылкыга келет да, минтип айтат:

– Жылкы, мен сени жейм, курсагым абдан ачты – дейт. Жылкы, карышкыр-дын айткан сөзүн угуп, сунушуна макул болуп:

– Сен, мени жесең же, бирок жаткан ордумдан тургуз анан жегин – дейт. Бул сунушка макул болгон карышкыр жылкыны жыгылып жаткан жеринен тургузуп, эми жейин деп жатканда жылкы минтип айтат:

– Карышкыр, сен эми мындай кыл, менин арткы бутумдан баштап же, болбосо качып кетишим толук мүмкүн. Карышкыр ойлонуп көрүп макул болот да, жылкынын артына өткөндө жылкы карышкырды байкатпай туруп башка тээп, карышкыр жыгылып калганда,

качып кетет. Бир кезде эсине келген карышкыр, ооруган башын алдыңкы буту менен кармап:

– Кайран гана аңкоо башым, өзү келген улакты жебей эмне ага алдандым, араң турган торпокту жебей, буга эмнеге алдандым, ылайдай семиз кочкорду жебей неге ага алдандым, жыгылып жаткан жылкыны жебей башка катуу сокку жеген мага чала болот деп, эптеп ордунан туруп шылкыйып басып, тоону көздөй жөнөгөн экен.


## ПИЛ МЕНЕН ЧЫЧКАН

Пил суу ичкени сууга келип суу ичип жатса, жанына чычкан келип калат. Чычкан пилдин чоң келбетин биринчи көрүп, аны таң кала карап калса, пил суу ичип болгон соң тумшугуна суу толтуруп туруп чачып жиберет. Чычкан байкабай турган үчүн чачыраган сууга туруштук бере албай сууга түшүп калат. Пил бул кылган кылыгына каткырып күлүп, чычканды шылдыңдап ал жерден узап кетет.

Ыза болгон чычкан пилдин артынан ал күнү кечке калбай аңдыйт. Пил токойго кирип, алдынан чыккан арстанга мактанат:

– Арстан мага тең келе алчу ким бар бул токойдо. Мен эч кимден коркпойм, "кыйынмын деген немени мага алып кел!" деп, өзүн көтөрө чаап мактанат. Арстан башын ийкеп:

– Сага эч ким тең келе албайт жана сага теңдеш баатыр жок – дейт. Пил каалгып басып андан ары жөнөйт. Чычкан бул сөздүн баарын угуп, эми чындап ачуусу келет да "кечинде көрөм, кимдин кыйын экенин" деп, пилдин артынан калбайт. Качан кеч кирип, пил чоң бактын далдоосуна жатып уктаганы камынган кезде чычкан ушундай бир ыкчам кыймылы менен пилдин үстүнө жөрмөлөп чыгып, анан пилдин кулагынын ичине кирип кетет да, кытыгылай баштайт. Пил жаткан ордунан атып туруп ары чуркайт, бери чуркайт бирок чычкан пилдин кулагынан чыкпай коёт. Акыры чарчап, чалыккан пил ыйламсырап чычкандан минтип суранат.



– Менини кулагымдын ичине кирген сен кимсиң? Байболгур, сен мага тынчтык бересиңби? – дейт. Бул сөздү уккан чычкан минтип жооп берет:

– Сен арстанга эмне деп мактандың эле, мына мен сенден кыйынмын. Эгер сен эч теңдеши жок кыйын болсоң, мени кулагыңдан чыгарып көрчү? – деп, баштагыдан катуу кытыгылап кирет. Чыдабай калган пил жалооруйт:

– Деги сен өзүң кимсиң? Мен, сенден алсыз экенимди эми гана билдим. Мындан ары мен сенин алдыңдан кыя өтпөйүн, деги кулагымдан чыгып мага көрүнүп койчу? – деп өтүнөт. Бул сөздү уккан чычкан макул болуп пилдин кулагынан чыгып көзүнө көрүнөт. Пил

баягы суунун жээгиндеги өзү шылдыңдаган чычкан экенин көргөндө, иштин жагдайына түшүнүп, чычкандан кечирим сурап жолуна түшүптүр. Ошол окуядан кийин жаныбарлардын эң чоңу пил, чычкандан коркуп, денеси чоң болгону менен кичинекей чычканга алы жетпесин моюнга алып, өзүн баатыр сезбей калган экен.

## АКЫЛАЙ МЕНЕН ЧЫМЧЫК

Акылай деген кыз эртең менен эрте туруп, эшигин алдын жыйнап, шыпырып жатса, бир чымчык келип жакын жердеги бакка конуп жан алы калбай чыйпылыктап, сайрап кирет. Анын бул аракетинен бир нерсени байкаган Акылай чымчыктын артынан басат. Чымчык улам өйдө көтөрүлүп, кайра кызга жакын учуп келип, абдан шаштырат. Аңгыча эле жолдун жээгиндеги бакка келгенде чымчык ушундай бир ылдамдык менен бакка жакын учуп келип, канаты менен бир нерсени кагып кетет. Акылай эми гана кадамын тез-



детип бакка жакын келсе, бир жылан бакка оролуп чыгып, чымчыктын уясындагы балапандарына жакындап калганын көрөт. Дароо бери жакта жаткан бактын бутагын ала коюп, жыланды чаап калат. Уяга жетип балапандардын бирөөнү мына эми жейин деп жатканда, кыз аны ага жеткизбей жыланды жерге кулата чабат. Жылан катуу сокку жегенге кыймылдабай жатып калганда, аны суунун аркы өйүзүнө ыргытып жиберет. Чымчык, Акылайдын бул кылганына абдан ыраазы болуп, учуп келип ийнине конуп, абдан жагымдуу сайрап берет. Акылай чымчыктын бул далалатына ыраазы болуп, үйүнө келип чымчыкка жем чачып берет. Чымчык курсагынын тойгонуна ыраазы болуп, каякадыр учуп кетет да, бир кезде кайра

келип кызга алтын шакек тиштеп келип берет. Ал алтын шакек хандын кызынын жоготуп жиберген шакеги экенин кыз билбейт. Хандын кызы "кимде – ким менин жоготкон шакегимди таап берсе, ага чоң белек берем" деген жарлыгын угуп, эртеси күнү хандын кызына шакети алып келип берет. Хандын кызы шакекти кайдан алганын сураганда, кыз чымчык досу алып келип бергенин айтат. Көрсө хандын кызынын шакегин терезесинен сагызган уурдап кеткенин, анын кызматчы кызы көрүп калган үчүн, кыздын айткан сөзүнө ишенип, кызга өзү айткан белекти берет. Ошонтип кыз чымчыкка жардам бергени үчүн өзү күтпөгөн белекке ээ болуп, ошол күндөн тартып чымчык менен дос болуп, экөө абдан ынак болуп жашап калышкан экен.

## КАРА ДӨӨ

Илгери – илгери чоң тоонун ары жагында бир кара дөө жашаган экен. Ал дөөдөн коркуп элдер ай сай-

ын тамак жеткизип турушчу. Эгер ал жеген тамак бир эле күнгө кечиксе дөө катуу чыр салып, айылдагы малдын көбүн алып кетип, элдин азабын берет. Бир күнү айылдын четинде жашаган абышка кемпирдин жалгыз баласы кара дөө жашаган тоонун артына барат. Бала барган кезде кара дөө кызуу уктап жаткан болот. Анын тарткан коңуругунан жер титиреп, солкулдап турган болот. Бала жакын келип бир топко карап турат да, анан найза менен дөөнүн оң көзүнө саят. Уктап жаткан дөө бакырып тура калганда, бала дөөнүн сол көзүнө найза сайганга үлгүрөт. Бирок сол көзүнө чала сайып калган үчүн, дөө баланы кубалап жөнөйт. Бала түз эле тоонун чокусун көздөй качат. Дөө баштагыдан катуу бакырып, көзүнүн ооруганына чыдай албай жерге олтура калганда, бала артынан келип найзаны эми далысына саят. Катуу жарат алган кара дөө баланы кубалап жетээрине көзү жетпей, артынан араң кыймылдап бала чыккан тоонун башына чыгат. Бала качан тоонун башына жеткенде жашынып калат. Кара дөө баланы таппай калат да, чала көргөн бир көзү менен эки

жакты карайт. Бирок эч нерсе көрө албайт. Ушул кезде бала дагы жакын келип эми дөөнүн чала көргөн көзүнө найза менен сайып жиберет. Эки көзү көрбөй калган кара дөө тоонун наркы бетиндеги зоого келип, кадамын алдыга таштаганда, зоо ылдый учуп кетип жан берет. Бала бул кылган кылыгына өзү да ишене бербейт. Кайра артка келип дөө камап койгон айыл эли берген малдарды алдына салып айдап, айылга келет. Баланын бул эрдигин уккан элдер ишине беришпейт. Ал турсун кара дөөнүн жансыз денесинин жанына да жакын басып келе алышпай. Бала эл-



дерди жана падышаны ишендириш үчүн, кайра келип дөөнүн эки кулагын кесип айылга келгенде гана элдер ишенишип, балага абдан ыраазы болушат. Ошентип эр жүрөк бала элди кара дөөнүн салыгынан бошотот. Айыл эли жыргап – куунап жашап калышыптыр.

## КОЁН МЕНЕН ТАШ БАКА

Үлгери бир өткөн заманда коён менен таш бака ынак дос болушат. Коён абдан шашма анан коркок болсо, таш бака эч шашылбайт жана эч кимден коркпойт.

Бир күнү эки дос, токойдун эч ким бара албаган жерине үй салышат да, анан бирге жашап калышат. Коркок коён кичине эле шыбырт чыкса коркуп, эки жакты карай берет. Ал эми таш бака акырын кыймылы менен өзүнө тамак издөө менен алек болот. Коён күндүз сыртка чыкпайт, коркок болгон үчүн. Түнү гана өзүнө тамак аш таап келип жейт.

Эртең менен кеткен ташбака кечинде араң келет да, түнү менен уктайт.

Бир күнү коён таң эрте келип, сыртка тамак издегени кеткени жаткан ташбакадан сурап калат:

– Ташбака, сен күндүз сыртта жүрбөйсүңбү, кимдерге жолугуп, кимдерди көрүп жатасың? – деп.

Ташбака үнүн адатынча жай чыгарып:

– Мен кимди көрмөк элем, кечээ үйгө жакын жерден түлкүнү көрдүм. Түлкү менден сени сураганда, билбейм деп жооп бердим. Анан ал башка жакка кетип калды көрүнөт. Курсагы ачка болгон үчүн сени сурадыбы деп ойлоп калдым. Коён бул сөздү укканда баштагыдан да коркуп, эми эшигин илип алчу болду.



Анткени ал түлкүдөн абдан коркчу эле. Кечинде ташбака үйүнө келип, эшикти ача албай көпкө тыкылдатат. Көрсө коён “түлкү келди го” деген ойдо болгон экен. Түн ортосунда гана коён акырын эшикти ачса эшиктин түбүндө досу ташбака жатканын көрүп, анан гана өзүнүн абдан коркок экенин билип, уктап жаткан ташбаканы ойготуп үйгө киргизип, андан кечирим сураган экен. Ташбака коён, досуна таарынып:

– Коён, сен абдан күлүксүң, сезгичсиң анан эмне коркоксуң. Эгер мен сендей болуп тез кыймылдаган болсом, анда эч кимден коркмок эмес элем. Бул сөздү уккандан кийин коён, баштагыдай коркпой күндүз сыртка чыгып, өзүнө тамак аш таап жеп калган экен. Бир жагынан досу ташбаканын жай кыймылына боору оруп ага да тамак таап бергенге жардам берип, достук милдетин аткарып калыптыр.

## ТОПОЗ МЕНЕН ЭЧКИ

Топоз менен эчки узак жолго бирге чыгат. Жолдо бара жатканда катуу шамал болуп жаан, карга айланат. Бул суукта эчки абдан үшүп, жылынарга далдоо жер таап бүрүшүп турса, топоз кайра чыйралып, шамалды беттеп тура берет. Муну көргөн эчки таң калып:

– Топоз досум бери кел, үшүйсүң десе топоз бир орундан жылбайт. Кайра суукту жактырып кырга чыгып шамалга жатып алат. Эчки жардын коңулуна жаткан бойдон уктап кетет. Эртең менен турса кар тизеден өйдө жаап салган болот. Ал эми топоз болсо баягы кырда карга чулганып жатканына боору ооруган эчки жанына келип:

– Топоз досум, жүрү тиги жак жылуу анан кар тийбейт, карачы жүндөрүңдүн баары кар болуп, тоңуп калыптыр. Топоз бышылдап деп алып:


– Эчки досум, мага ушундай суук болгон абдан жагат. Эмне үчүн мен жайында тоонун башына кетип калам, анткени мен жылуулукту такыр жактырбайм, ысыкка менин жүндөрүм, калың

терим туруштук бербей кетет – дейт. Эчки таң калып:

– Топоз досум, сен минтип көрүнө жерге жатсаң, карышкырлар келип жеп кетпейби?

– Эчки досум, андан эч коркпо, мага карышкыр кол сала албайт. Мага жакын келсинчи, мүйүзүм менен челип салам деп мактанат. Аңгыча эле алыс жактан карышкырдын улуган үнү угулат. Эчки үндү укканда эле коркуп, бери жакка келип жашынып калат. Ал эми топоз дале эч кыймылдабай жата берет. Аңгыча эки карышкыр келип:

– Топоз, биздин курсагыбыз ачты, биз сени жейбиз – деп, кол салат. Топоз кол салган карышкырдын бирөөнү



ушундай тез, ыкчам кыймылы менен челип ыргытат, экинчи карышкыр кол сала албай алыс качат. Жарадар болгон карышкыр топоздон араң качып кутулат. Жашынып бери жактан карап турган эчки, топоздун бул эрдигине абдан ыраазы болуп, жанына карыш чыкпай калган экен.

## ТОРГОЙ МЕНЕН САГЫЗГАН

Жайдын таңында торгой безеленип укмуш кооз үнү менен сайрап жатса жанына сагызган учуп келип:

– Торгой дос, эмне эле мынча безеленип сайрап калгансың? – дейт. Торгой шакылдаган сагызганга таң кала карап:

– Мен бүгүн эле эмес, күндө таң эрте таңдын атканына, күндү көргөнүмө ыраазы болуп сайрайм. Ал эми сен эмнеге дайыма шакылдап жаагың тынбайт.

– Мен көп нерсени алдына ала билип, адамдарга белги берем, бирөө келе жатканынан же бир нерсе болорунан. Бирок адамдар мени жаман көрүшөт дагы сенин үнүңө арбалышат. Торгой бир саамга ойлонуп туруп:

– Сагызган дос, сен абдан саксың анан абдан суксуң. Сенин сезгичтигиң мага абдан жагат. Анткени бир нерсе болорун алдына ала билесиң да. Сагызган сөздү аягына чейин укпай, ал жерден уча качты. Торгой бирөө келе жатканын билип, бактын башына учуп чыгып эки жакты караса, түлкү качып келе жаткан болот. Артынан мергенчилердин тайгандары кубалап алыптыр. Торгой сагызгандын сактыгына абдан ыраазы болуп, артынан учуп барып:

– Сагызган дос, сен тигилердин келе жатканын кантип билдиң? – деп сурайт, кызыгуусу арта:

– Торгой дос, макул көрсөң ушул аймактан алыс учуп кетели, болбосо мергенчилердин огуна кабылабыз деп, токойдун ортосун көздөй учуп жөнөдү. Торгой таң калып, өзүнчө ойлоп койду "сагызган эмне эле мынча кабатырланат" деп. Анын артынан учпай, эки жакты аяр карайт. Бир кезде атылган ок өзү конуп турган бутака тийет. Көрсө мергенчилер эч жолу болбой келе жатышып, торгойду көздөй ок чыгарышкан эле. Торгой аман калганына сүйү-



нүп, сагызган учуп кеткен жакка учуп келип, сагызганды таап:

– Сагызган дос, мен аман калдым, тиги мергенчилер аз жерден мени атып коё жаздашты. Сенин тилиңди алып эле учуп кетсем болмок экен. Сагызган күлүп:

– Торгой дос, биз абдан сак болгон үчүн көп жыл жашабыз. Эгер сен мени менен дос болуп, мени менен жүрсөң, сен дагы көп жыл жашайсың – дейт. Торгой бул сунушка макул болгону менен өзүнүн эркиндигин баалап, кээде талааны шаңга бөлөп, уккулуктуу үнүн безе элентип көңүлдүү жашоосунан алыс кете албай талаа – түздө жашап калган экен.

# ЭЧКИНИН ЭКИ УЛАГЫ

Илгери – илгери эчкинин эки улагы болуптур. Эчки күндө үйүнө эки улагын камап коёп, курсагын тойгузганы токойго барып оттоп, желинине сүт, коржунуна чөп алып келип турчу экен. Бир күнү карышкыр эчкинин үйүнүн жанын келип терезеден аңдып турса, эчки эки улагына минтип айтат:

– Улактарым – улактарым, чунактарым – чунактарым мен токойго кеттим, эмчегиме сүт алып келем, куржунума чөп алып келем, эшикти эч кимге ачпагыла – дейт. Кечинде эчки үйүнө келип, эшигин тыкылдатып:

– Улактарым – улактарым, чунактарым-чунактарым, мен токойдон келдим, эмчегиме сүт алып келдим, куржунума чөп алып келдим– дейт. Бул сөздү укканда улактары эшикти ачат. Карышкыр эртеси күнү түш ченде эчкинин үйүнө келет да, эшикти тыкылдатат. Ойноп олтурган эки улак, бул ким? – дегенде карышкыр, эчкидей болуп минтип айтат:

– Улактарым – улактарым, чунактарым-чунактарым, мен токойдон келдим, эмчегим сүт алып келдим, куржунума чөп алып келдим – дейт. Бул сөздү уккан эки улак сүйүнүп кетип эшикти ача салса, тиштерин арсайтып карышкыр турган болот. Эки улак үйдүн төрүн көзөй качканда, карышкыр эшикти жаап үйгө кирип эки улакты жейт дагы, токойду көздөй кетип калат.

Кечинде эчки үйүнө келсе эшиги ачык, үйү чачык, эки улагы жок болот. Эки улагын издеп койго келип сураса, кой айтат:

– Жана сенин үйүңдөн карышкыр чыгып бара жаткан, ал жеп кеткен го? – дейт. Эчки дароо устага келет да,



мүйүзүн курчутуп берүүсүн сура-
нат. Уста бош болгондуктан эчкинин мүйүзүн курчутуп берет. Эчки, устага ыракматын айтып, токойго келсе, бактын түбүндө курсагы чандайган карышкыр уктап жаткан болот. Эчки алыстан катуу чуркап келип карышкырды ичке сүзгөндө, карышкырдын ичи жарылып, эки улагы атып чыгат. Эчки эки улагын ээрчитип үйүнө келет да, ошондон кийин эки улагын үйүнө калтырбай, өзү менен бирге токойго ээрчитип барып калыптыр.

## АБЫШКА КЕМПИРДИН ҮЧ КЫЗЫ

Илгери-илгери абышка менен кемпирдин үч кызы болгон экен. Алардын эң кенже кызы акылдуу анан иштемчил болот. Бир күнү абышка базарга барганы жатып үч кызынан сурайт:

– Кыздарым – кыздарым, силерге базардан эмне алып келип берейин? – деп. Абышканын улуу кызы:



– Ата, мага кооз көйнөк алып келип бериңиз – дейт. Ортончу кызы:

– Ата, мага бетке сүйкөгөн упа алып келип бериңиз – дейт. Эң кенже кызы:

– Ата мага бүт ааламды көргөзгөн күзгү алып келип бериңиз – дейт. Абышка кыздарынын айткандарына макул болуп, базардан үч кызы эмне айтса ошону алып келип берет.

Бир күнү абышканын эки кызы токойго козу карын тергени кетип, адашып калып үйгө келбей калышат. Абышка менен кемпир ары кетип, бери кетип издеп таппай коюшканда, кенже кызы күзгүнү карап туруп:


– Ата, эжелеримди жез кемпир кармап алыптыр, мына караңызчы деп күз-

гүнү көрсөтөт. Чын эле эки эжесин жез кемпир кармап, үйүнө камап койгон болот. Абышка түнү менен барып, жез кемпирдин үйүнөн эки кызы бошотуп келет да минтип айтат:

– Эгер силердин сиңдиңердин күзгүсү болбосо, мен силерди таба алмак эмесмин. Анан экөөңөрдү жез кемпир кыз кылып алмак – дейт. Абышканын эки кызы бул сөздү укканда сиңдисине ыраазы болуп, анын акылдуулугуна баа берип, көп жумшабай калышкан экен.

## БҮРКҮТ МЕНЕН БАЛА

Илгери – илгери бир бүркүт болуптур. Ал бир күнү эки балапанына тамак таап келгени учуп чыгат да, керээли күнү кечке учуп жүрүп, эч нерсе таба албай коюп, отун терип келе жаткан абышка менен кемпирдин баласын көрүп, аны тырмагы менен илип келип, баланы эки балапанына берип коюп, өзү кайра учуп кетет. Бала бүркүттүн эки балапанын көрүп алгач коркуп кетет. Анан кайра ойлоно калып,



экөөнө баштыгындагы нандан берет. Эки балапан нанды жегенден соң балага ыраазы болуп, дагы нан сурашат. Бала эми экөө менен дос болуп:

– Менде нан жок калды, андан көрө жүрүгүлө, мен силерди өзүмдүн үйүмө алып барып, нандан көп берем – дейт. Балапандар бул сунушка макул болот, бирок зоонун бетинен кантип ылдый түшөбүз дешет. Бала дагы акыл таап:

– Экөөңөрдүн бирден бутуңардан кармайм, силер бир учурда ылдый учкула – дейт. Экөө макул болушат да, уядан ылдый учушат. Бала жерге түшкөндө экөөнү үйүнө түнү бою жол жүрүп ээр-

читип келет. Абышка менен кемпир баласынын кайда барганын анан бүркүттүн балдарын кантип кармап келгенин сурашат. Бала болгон окуяны айтып бергенде, абышка эки балапанды эч ким көрбөгөн караңгы жерге бага баштайт.

Ал эми бүркүт уясына учуп келип, эки балапанын таппай калат да, анан ойлонот "кап, мен тиги баланы бекер алып келген экенмин, эми аны издейин" деп, эртеси издеп чыгат. Бүркүт баланы алыстан көрүп эле учуп келип, андан сурайт:

– Кана, менин балапандарым? – деп.
Бул суроого баланын атасы жооп берет:

– Кандай экен, баланы жоготкон? Эмне сен менин баламды илип кеттиң? – деп. Ошондо бүркүт өзүнүн күнөөсүн сезип, кайра артка учуп кеткен экен. Ал эми абышка эки балапанды өзү таптап, мүнүшкөрлүк өнөрдү үйрөнүп калыптыр.

100с007

Форматы $60x84^{1}/_{16}$. Көлөмү 3 басма табак.
Нускасы 1000 даана.

«Бийиктик плюс» басмаканасынад басылды.
Бишкек шаары,
Абдрахманов көчөсү, 170 А.
Тел.: 0312 66 17 25, 0777 74 35 68.